| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 2-октябры, № 15/4 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу долбоорунун өздүк салымы катары элден чогулган акча каражатын айыл өкмөтүнүн бюджетинин атайын төлөм каражаттарынын планына киргизип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 2-главасынын 27-“Жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу жөнүндөгү” беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин” VI бөлүмүнүн 9-главасынын 47-беренесинин 1-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу долбоорунун өздүк салымы катары элден чогулган акча каражаты тууралуу айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошованын маалыматын, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу долбоорунун өздүк салымы катары элден чогулган **285 000 (эки жүз сексен беш миң)** сом акча каражатын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетинин атайын төлөм каражаттарынын планына киргизүүгө макулдук берилсин.

2. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттик планына киргизип берүү жагы КРФМ Кара-Кулжа каржы башкармалыгынан суралсын.

3. Бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү документтерди даярдап райондук каржы башкармалыгына тапшыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**